ТАЛАС ОБЛУСУНУН
КАРА-БУУРА РАЙОНУНУН
"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ"

"АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"
КАРА-БУУРИНСКОГО РАЙОНА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

---

**Айтматов районун Аманбаев айыл**

**аймактык Кеңешинин I чакырылышынын**

**3-сессиясынын токтому**

29.01.2025 жыл

Аманбаев айылы

Аманбаев айылдык кенешинин I чакырылышынын
3-сессиясы

ТОКТОМ № 1

Аманбаев айылдык кеңеши Аманбаев айыл өкмөтүнүн 2024- жылга кабыл алынган бюджетинин аткарылышын жана өкмөт башчысынын аткарган иштерин талкуулап

Токтом кылат:

1. Аманбаев айыл өкмөтүнүн 2024- жылга кабыл алынган жергиликтүү бюджетинин аткарылышы боюнча каржы- экономика бөлүмүнүн башчысы Н. Кудайбергеновдун маалыматы кабыл алынсын.
2. Аманбаев айыл окмотунун отчету кабыл алынсын
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү торага орун басарына калтырам.

Аманбаев айылдык кеңешинин төрага орун басары: Осконбаев Т. Б

ТАЛАС ОБЛУСУНУН
КАРА-БУУРА РАЙОНУНУН
"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ"

"АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"
КАРА-БУУРИНСКОГО РАЙОНА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

---

**Айтматов районун Аманбаев айыл**

**аймактык Кеңешинин I чакырылышынын**

**3-сессиясынын токтому**

29.01.2025 жыл

Аманбаев айылы

Аманбаев айылдык кенешинин I чакырылышынын
3-сессиясы

ТОКТОМ № 2

Аманбаев айылдык кеңеши Аманбаев айыл өкмөтүнүн 2024- жылга жер адисинин маалыматын угуп талкуулап

Токтом кылат:

1. Айыл өкмөтүнүн жер адисинин маалыматы кабыл алынсын.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү торага орун басарына калтырам.

Аманбаев айылдык кеңешинин төрага орун басары: Осконбаев Т. Б

ТАЛАС ОБЛУСУНУН
КАРА-БУУРА РАЙОНУНУН
"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ"

"АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"
КАРА-БУУРИНСКОГО РАЙОНА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

---

**Айтматов районун Аманбаев айыл**

**аймактык Кеңешинин I чакырылышынын**

**3-сессиясынын токтому**

29.01.2025 жыл

Аманбаев айылы

Аманбаев айылдык кенешинин I чакырылышынын
3-сессиясы

ТОКТОМ № 3

Аманбаев айылдык кеңеши Аманбаев айыл өкмөтүнүн алдында тузулгон "Тазалык" муниципиалдык ишкана жетекчисинин 2024- жылга аткарган иштери тууралуумаалыматын угуп талкуулап

Токтом кылат:

1. Амабаев айыл окмотунун алдындагы "Тазалык" муниципиалдык ишканасынын маалыматы кабыл алынсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү торага орун басарына калтырам.

Аманбаев айылдык кеңешинин төрага орун басары: Осконбаев Т. Б

ТАЛАС ОБЛУСУНУН
КАРА-БУУРА РАЙОНУНУН
"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ"

"АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"
КАРА-БУУРИНСКОГО РАЙОНА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

---

**Айтматов районун Аманбаев айыл**

**аймактык Кеңешинин I чакырылышынын**

**3-сессиясынын токтому**

29.01.2025 жыл

Аманбаев айылы

Аманбаев айылдык кенешинин I чакырылышынын
3-сессиясы

ТОКТОМ № 4

Аманбаев айылдык кеңеши Аманбаев айыл өкмөтүнүн жергиликтуу жамааттын уставы АТР ден кийинки уставын талкуулап

Токтом кылат:

1. Амабаев айыл окмотунун жергиликтуу жамаатын уставы бекитилсин
2. Токтомдун аткарылышы Аманбаев айыл окмотунун башчысы Б А. Умарбековго милтеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү торага орун басарына калтырам.

Аманбаев айылдык кеңешинин төрага орун басары: Осконбаев Т. Б

ТАЛАС ОБЛУСУНУН
КАРА-БУУРА РАЙОНУНУН
"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ"

"АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"
КАРА-БУУРИНСКОГО РАЙОНА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

---

**Айтматов районун Аманбаев айыл**

**аймактык Кеңешинин I чакырылышынын**

**3-сессиясынын токтому**

29.01.2025 жыл

Аманбаев айылы

Аманбаев айылдык кенешинин I чакырылышынын
3-сессиясы

ТОКТОМ № 5

Аманбаев айылдык кеңеши Кыргыз Республикасынын президентинин №296 жарлыгын ишке ашыруу боюнча "Маркумду узатуу жана соогун жайга койю иши жонундо"

Токтом кылат:

1. Амабаев айыл окмотунун 27.01.2025 жылдын №1 протоколу бекитилсин бекитилсин
2. Токтомдун аткарылышы Аманбаев айыл окмотунун башчысы Б А. Умарбековго милтеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү торага орун басарына калтырам.

Аманбаев айылдык кеңешинин төрага орун басары: Осконбаев Т. Б

Аманбаев айыл өкмөтүндө өткөрүлгөн чогулуштун

**№1 ПРОТОКОЛУ**

27 01 2025-ж. Аманбаев айыл өкмөтү

Катышкандар:

Аманбаев айыл өкмөт башчысы Умарбеков Бакыт Анарбаевич

Аймамтов райондук Баш имамы хатиб Куматаев И.С.

Аманбаев айыл аймагынын баш имам хатиб Чаушев Иманбек Жамалович.

Аманбаев айыл өкмөтүнүн аксакалдары,айылдык мечиттердин имамдары,Аманбаев айыл өкмөтүнүн аялдар кеңешинин төрайымы жана мүчөлөрү

Айыл тургундары: -20 адам

Төмөнкүдөй маселе каралды:

1.**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы №296 Жарлыгын ишке ашыруу боюнча « Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө"**

Аманбаев айыл өкмөтүнүн башчысы – Умарбеков Б.А. бүгүнкү чогулуштун катышуучуларына Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы №296 Жарлыгын ишке ашыруу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

Аманбаев айыл өкмөтүнүн башчысы **– Умарбеков Б.А.** ал өз сөзүндө:

Урматтуу жыйындын катышуучулары, өзүңүздөр билгендей Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54 Жарлыгына иштер жүргүзүлгөн. Бул Жарлыкта " Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө" иш жүзүндө жүзөгө ашыруу, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыккан, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыган. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы №296 Жарлыгын ишке ашырууда "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу боюнча маркумду жайга коюуда текебердик, ашыкча ысырапкорчулук,диний каадаларды жана салттарды этибар албоо сыяктуу терс көрүнүштөрдү жана кемчиликтер кездешип жатат. Маркумдун бир туугандары таштан, граниттен же мрамордон өтө чоң курулмаларды, күмбөздөрдү курууда, маркумдун статуясын орнотууда, мүрзөлөрдү кооз металл тосмолор менен тосууда. Биз Аманбаев айыл өкмөтү өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн иретке келтирүү, ашыкча ысырап корчулукка, элдин салт-саанасын, үрп-адаттын тоготпоого жол бербөө, ата-салтына жат терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура

салт-санаасын жана ырым-жарымдарын кеңери пропагандалоо жана жайылтуу боюнча ушул Жарлыктын негизинде Жобо иштеп чыктык.

Жобонун максаты Аманбаев айыл аймагынын айылдарында үй-бүлөүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убара керчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого, ашыкча ысырап корчулукка, маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу,маркумдун бир туугандары таштан, граниттен, мрамордон, металлдан жана ушул материалдарды айкалыштыруу менен жасалган монументтерди, статуяларды, эстеликтерди жана мүрзө плиталарын тургузууга жана орнотууга тыюу салуу маселесин карап, ошондой эле мүрзөдөгү эстеликтерди жана тосмолорду жыгач материалдарынан даярдоо жана бийиктиги 0,70 метрден ашпоосу тууралуу сунуштарды кароо жана калк арасында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы №296 Жарлыгын ишке ашырууда "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" түшүндүрүү иштерине көмөк көрсөтүүңүздөр. Бул жобого кошумча-алымчаңыздар болсо ар кимиңиздер ойлоруңуздарды билдирсеңиздер.

**Аймамтов райондук Баш имам хатиб Куматаев И.С. ал сөзүндө:**Урматтуу бүгүнкү жыйындын катышуучулары Бул Жарлыкты баарыбыз туура кабыл алышыбыз керек.Өзүңүздөр билгендей азыркы учурда маркумду узатууда биз той кылып жатабыз.Ашыкча ысырапкорчулука жол берилип жатат.Биз маркумду узатабызбы же жек жааттарга көңүл бурабызбы.Биздин эң биринчи миледитибиз маркумдун мурасына.кепинине,жерге койгонуна көңүл бөлүшүбүз керек.Башка диндеги жарандарга мүрзөнүн бир бурчунан орун берсеңер деген сунушум бирок эл өздөрү чечишсин. Баарыбыз аксакалдар,имамдар,аялдар кеңеши болуп чогуу биргеликте иш алып барсак бул ысырапкорчулукту жоет элекпиз. Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу,маркумдун бир туугандары таштан, граниттен, мрамордон, металлдан жана ушул материалдарды айкалыштыруу менен жасалган монументтерди, статуяларды, эстеликтерди жана мүрзө плиталарын тургузууга жана орнотууга тыюу салуу маселесин карайлы. Ошондой эле мүрзөдөгү эстеликтерди жана тосмолорду жыгач материалдарынан даярдоо жана бийиктиги 0,70 метрден ашпоосу тууралуу сунуштарды карап жана калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп,бул Президентин жарлыгын туура кабыл алалы.

**РысалиевА. Аманбаев айылынын тургуну:** Урматтуу эл журт, Садыр Жапаровдун чыгарган Жарлыгын колдойлу,азыр бизге керек болуп турган нерсе.Аксакалдарды угуп коелу чүпүрөк-чапырак,килем дегенди токтотолу, бергич экенбиз акчалай берип коелу.Ысырапчылыкка бөгөт коелу,жамандык болуп жатса дасторконду талаганга бөгөт

коелу.Алыстан келген жек жааттарды кошуналары жана туугандары коноктоп коюшса болот.

**Өтөбаев М.-Ак-Башат айылынын тургуну** Мен көп жыл имам болуп эмгектендим.Мен өзүмдүн апам каза болгондо да мал сойгон жокмун.Азыркы маркумдарга коюлуп жаткан эстеликтер да эч кандай пайдасы жок.Алар оор болуп кайра зыян.Бул жарлыкты колдойлу маркумду акыркы сапарга узатууда ысырапкорчулука жол бербейли.

**Данкеев К.Ж.-Аманбаев айылынын имамы** Бул жарлыкты биз да толук аткарууга даярбыз.Баарыбыз биргеликте чогуу иш алып барып,элге туура иштерин жүргүзүшүбүз керек.

**Умарбеков Б.А.**:- Президенттин Жарлыгы чыккандыгы боюнча аткарууга милдеттүбүз.

**Жогорудагы күн тартибиндеги маселенин талкуусунан кийин жыйын чечим кылат**

Айыл өкмөтү максаты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын14-октябрындагы ПЖ №296 "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу,маркумдун бир туугандары таштан, граниттен, мрамордон, металлдан жана ушул материалдарды айкалыштыруу менен жасалган монументтерди, статуяларды, эстеликтерди жана мүрзө плиталарын тургузууга жана орнотууга тыюу салуу маселеси, ошондой эле мүрзөдөгү эстеликтерди жана тосмолорду жыгач материалдарынан даярдоо жана бийиктиги 0,70 метрден ашпоосу тууралуу сунуштар камтылып, Аманбаев айыл аймагында "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" бекитилген типтүү ЖОБО иштелип чыкты.

Чогулуштун төрагасы : Умарбеков Б.А.

Чогулуштун катчысы : Шеримбаева Р.С.

## Аманбаев айыл аймагында “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” бекитилген типтүү

## ЖОБО

1. Жалпы жоболор

2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

3. Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө

4.Көрүстөндү жайгаштырууга,жасалгалоого жана көрктөндүрүүгө,пайдаланууга жана күтүүгө экологиялык,санитардык талаптарды,мүрзөдөгү эстеликтердин өлчөмдөрүн,аларды жасоо үчүн материалдар жөнүндө

5.Жергиликтүү комиссия

## I. Жалпы жоболор

**1.1** Бул Жобо Маркумддарды жайга коюу салттарын каадаларын тартипке келтирүү,кыргыз коомунун руханний-адеп –ахлактык баалуулуктарын коргоо,социалдык адилетүүлүктү камсыз кылуу жана “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө”Кыргыз Республикасынын мыйзамын Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54 Жарлыгына ылайык, “ Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө” Жарлыгына иш жүзүндө жүзөгө ашыруу, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыккан, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2 Жобонун максаты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын14-октябрындагы ПЖ №296 “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу боюнча Аманбаев айыл аймагынын айылдарында маркумду жайга коюуда текебердик,башка адамдардын социалдык абалына менменсинип мамиле кылуу,ашыкча ысырапкорчулук,диний каадаларды жана салттарды этибар албоо сыяктуу терс көрүнүштөрдү жана кемчиликтер кездешет.Маркумдун бир туугандары таштан, граниттен же мрамордон өтө чоң курулмаларды, күмбөздөрдү курууда, маркумдун статуясын орнотууда, мүрзөлөрдү кооз металл тосмолор менен тосууда, өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, ашыкча ысырап корчулукка, элдин салт-саанасын, үрп-адаттын тоготпоого жол бербөө, ата-салтына жат терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым-жарымдарын кеңери пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

## 2.Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

2.1. Аманбаев айыл аймагында "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" бекитилген типтүү жобону (мындан ары-жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен жергиликтүү кеңештин депутаттарынын, ардагерлердин, аялдар жана жаштар уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобу түзүлөт.

2.2Ушул типтүү жобонун негизинде жумушчу тобунун тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкууланат, жалпыга тааныштыруу үчүн такталарга илинет, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү сайттарына жайгаштырылат. Келип түшкөн иштиктүү сунуштар эске алынып, жобонун долбооруна киргизилет. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештин сайттарына жарыяланат.

2.4 Жобого кызыккан жарандарга айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштрылат.

## 3. Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө

3.1. Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу чөйрөсүндөгү коомдук мамилелерди жөнгө салынып, укуктук негиздери түзүлгөн, сөөктү жайга коюуну жүзөгө ашыруу кепилдиктери, сөөк коюлуучу жайды уюштуруу жана маркумду узатуу иштери каралган

3.2. Үй-бүлөлүк салтанаттар Аманбаев айыл аймагынын айылдарында калыптанып

калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана

тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлсүн.

3.3. Көрүстөндөр Аманбаев айыл өкмөтүнүн түздөн-түз карамагында болот

3.4. Айыл аймактын тургундары каза болгон учурда көмүү үчүн жайды каза болгон адамга акысыз берүүгө милдеттүү

3. Жаңы көрүстөндөрдү түзүү экологиялык жана тарыхый-маданий экспертизанын корутундусу бар болгон жана санитардык талаптар сакталган учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунуштарын эске алуу менен экологиялык коопсуздукту камсыздоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат

## 4.Көрүстөндү жайгаштырууга, жасалгалоого жана көрктөндүрүүгө, пайдаланууга жана күтүүгө экологиялык, санитардык талаптарды, мүрзөдөгү эстеликтердин өлчөмдөрүн, аларды жасоо үчүн материалдар жөнүндө

Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу,маркумдун бир туугандары таштан, граниттен, мрамордон, металлдан жана ушул материалдарды айкалыштыруу менен жасалган монументтерди, статуяларды, эстеликтерди жана мүрзө плиталарын тургузууга жана орнотууга тыюу салуу маселеси, ошондой эле мүрзөдөгү эстеликтерди жана тосмолорду жыгач материалдарынан даярдоо жана бийиктиги 0,70 метрден ашпоосу тууралуу сунуштар камтылмакчы.

## 5.1. Жергиликтүү комиссия

5.1.1. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүндө аймактык коомдук өз алдынча башкаруусунда түзүлөт. Анын курамына айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, маданият мекемесинин, ардагерлердин, аялдардын жана жаштардын уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, милициянын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

5.1.2. Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү өлгөндү эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт (же акт түзөт), ал тууралуу комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара ( анын ичинде коомдук уяткаруу чарасын) көрөт.

## 5.2. Комиссиянын функциялары

5.2.1 Комиссиялар төмөндөгүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:

5.2.2 Аманбаев айыл өкмөтүндөгү Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу,маркумдун бир тууғандары таштан, граниттен, мрамордон, металлдан жана ушул материалдарды айкалыштыруу менен жасалган монументтерди, статуяларды, эстеликтерди жана мүрзө плиталарын тургузууга жана орнотууга тыюу салуу маселеси, ошондой эле мүрзөдөгү эстеликтерди жана тосмолорду жыгач материалдарынан даярдоо жана бийиктиги 0,70 метрден ашпоосу тууралуу сунуштарды карайт жана калк арасында түшүндүрүү иштерине көмөктөшөт.

## 5.3 Комиссиянын ишин камсыз кылуу

5.3.1 Комиссия төмөндөгүлөргө укуктуу:

5.3.2 Комиссиянын иши анын кеңешмесине бардык мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан учурда ыйгарымдуу деп эсептелет;

5.3.3. Комиссиянын чечими кеңешмеге катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат;

5.3.4 Өзүнүн жыйналышына мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардын, эмгек жамааттарынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн, каралып жаткан маселеге тиешеси бар өкүлдөрдү чакырта алат.

## 5.4 Комиссияга жетекчилик кылуу жана ишин уюштуруу

5.4.1 Комиссияга анын төрагасы жетекчилик кылат.

5.5.2 Комиссиянын жыйналышы зарылчылыгына жараша, бирок кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Жыйналышты комиссиянын төрагасы алып барат, ал жокто комиссиянын төрагасынын орун басары алып баргангана укуктуу.

5.4.3 Комиссиянын жыйынында протокол жазылат жана кабыл алынган протоколдук чечим комиссиянын төрагасы жана анын катчысынын колу менен бекитилет;

5.4.5. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын14-октябрындагы ПЖ №296 “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу боюнча колдонулган тартиптик чара айыл өкмөтүнүн колу менен күбөлөндүрүлүп, каттоо № коюлуп, буйрук менен бекитилет.

5.5.6 Комиссиянын жыйналышы үчүн материалдарды даярдоо жана кабыл алынган чечимдер боюнча ишти комиссиянын жооптуу катчысы жүзөгө ашырат.

ТАЛАС ОБЛУСУНУН
КАРА-БУУРА РАЙОНУНУН
"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ"

"АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"
КАРА-БУУРИНСКОГО РАЙОНА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

---

**Айтматов районун Аманбаев айыл**

**аймактык Кеңешинин I чакырылышынын**

**3-сессиясынын токтому**

29.01.2025 жыл Аманбаев айылы

Аманбаев айылдык кенешинин I чакырылышынын
3-сессиясы

ТОКТОМ № 6

Аманбаев айылдык кеңеши Аманбаев айыл окмотуно караштуу " Аманбаев Тазалык" муниципиалдык ишканасына техника монипулятор жана таштанды пресс сатып алуу жонундо Аманбаев айыл окмот башчысынын кайрылуусун талкуулап Аманбаев айыл аймактык кенеши

Токтом кылат:

1. Аманбаев айыл окмотуно караштуу " Аманбаев Тазалык" муниципиалдык ишканасына техника монипулятор жана таштанды пресс сатып алуу жонундо Талас региондорун онуктурууго жазылган долбоордун отунмосу бекитилсин
2. Токтомдун аткарылышы Аманбаев айыл окмотунун башчысы Б А. Умарбековго милтеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү торага орун басарына калтырам.

Аманбаев айылдык кеңешинин төрага орун басары: Осконбаев Т. Б

ТАЛАС ОБЛУСУНУН
КАРА-БУУРА РАЙОНУНУН
"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ"

"АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"
КАРА-БУУРИНСКОГО РАЙОНА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

---

**Айтматов районун Аманбаев айыл**

**аймактык Кеңешинин I чакырылышынын**

**3-сессиясынын токтому**

29.01.2025- жыл

Аманбаев айылы

Аманбаев айылдык кенешинин I чакырылышынын
3-сессиясы

ТОКТОМ № 7

Аманбаев айылдык кеңеши Аманбаев айыл өкмөтүнүн жана "Халича"кайрымдуулук фондунун Талас облусунун кординатору Ч. Т Садралиевдин сунушун угуп талкуулап

Токтом кылат:

1. Амабаев айыл окмотунун Аманбаев айылынан 10 га жер аянты курулуш куруу учун (трансформация) багыты озготулуп Социалдык шаарча куруугa берилсин
2. Социалдык шаарча куруп баштоо мооноту 1,5 бир жарым жылга чейин ишке ашпаса жер аянты айыл окмоттун карамагында калтырылсын
3. Мыйзамдуу иш кагаздарын тактоо жэр боюнча адыс К. Тургуналиевге милдеттендирилсин
4. Токтомдун аткарылышы Аманбаев айыл окмотунун башчысы Б А. Умарбековго милтеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү торага орун басарына калтырам.

Аманбаев айылдык кеңешинин төрагасы : У. М. Нуралиев

ТАЛАС ОБЛУСУНУН
КАРА-БУУРА РАЙОНУНУН
"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ"

"АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"
КАРА-БУУРИНСКОГО РАЙОНА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

---

**Айтматов районун Аманбаев айыл**

**аймактык Кеңешинин I чакырылышынын**

**3-сессиясынын токтому**

29.01.2025- жыл

Аманбаев айылы

Аманбаев айылдык кенешинин I чакырылышынын
3-сессиясы

ТОКТОМ № 8

Аманбаев айылдык кеңеши Аманбаев айыл өкмөтүнүн жана Айтматов райондук шаар куруу башкармалыгынын башчысы Н. Нуралиевдин маалыматын угуп талкуулап

Токтом кылат:

1. Айтматов шаар куруу башкармалыгы тарабынан сунушталган жобо бекитилсин
2. Мыйзамдуу иш кагаздарын тактоо жэр боюнча адыс К. Тургуналиевге милдеттендирилсин
3. Токтомдун аткарылышы Аманбаев айыл окмотунун башчысы Б А. Умарбековго милтеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү торага орун басарына калтырам.

Аманбаев айылдык кеңешинин төрагасы : У. М. Нуралиев

ТАЛАС ОБЛУСУНУН
АЙТМАТОВ РАЙОНУНУН
"АМАНБАЕВ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ"

"АМАНБАЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ"
АЙТМАТОВСКОГО РАЙОНА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

---

**Айтматов районун Аманбаев айыл**

**аймактык Кеңешинин I чакырылышынын**

**3-сессиясынын токтому**

29.01.2025 жыл

Аманбаев айылы

Аманбаев айылдык кенешинин I чакырылышынын
3-сессиясы

ТОКТОМ № 9

Аманбаев айылдык кеңеши Аманбаев айыл аймагына караштуу ички чарбалык арыктарды жана ирригациялык системаларын муниципалдык менчикке алуу боюнча Аманбаев айыл аймактык кенеши

Токтом кылат:

1. Аманбаев айылдык кеңеши Аманбаев айыл аймагына караштуу ички чарбалык арыктарды жана ирригациялык системаларын муниципалдык менчикке алуу жагы каралсын.
2. Токтомдун аткарылышы Аманбаев айыл окмотунун башчысы Б А. Умарбековго милтеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү торага орун басарына калтырам.

Аманбаев айылдык кеңешинин төрага орун басары: Осконбаев Т. Б